UNITED NATIONS
KYRGYZ REPUBLIC

# СОЦИАЛДЫК ЖӨЛӨКПУЛДАР, ПЕНСИЯЛАР: КЫСКА ЖАНА ЖЕТКИЛИКТҮҮ МААЛЫМАТ



# Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпул

## Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпул кимге чектелет?

- Иш берүүчү менен эмгек мамилелеринде турган иштеп жаткан аялдарга;
- Жеке ишкерлерге;
- Дыйкан (фермер) чарбаларынын мүчөлөрүнө;
- Белгиленген тартипте расмий жумушсуз деп таанылган, жумушсуздук боюнча жөлөкпул алууга укуктуу аялдарга.

## Негизги документтер

- Паспорт;
- Эмгекке жарамсыздык баракчасы.

## Кошумча документтер

**Кызматкерлер (юридикалык жак) үчүн:** талап кылынбайт.

**Жеке ишкер, анын ичинде патент боюнча же иштегендер үчүн:**
-патенттин копиясы (патенттин негизинде иштеген жарандар үчүн);
-салык органдар тарабынан берилүүчү жеке ишкердин мамлекеттик каттоо/кайра каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн көчүрмөсү же патенттин негизинде иштеген адамдар үчүн патенттин көчүрмөсү.

**Юридикалык жакты түзбөстөн ишкердикти жүргүзгөн дыйкан (фермер) чарбасынын мүчөлөрү үчүн:**
-салык органдар тарабынан берилүүчү жеке ишкердин мамлекеттик каттоо/кайра каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн көчүрмөсү;
-жер үлүшүн/участогун пайдалануу/ижарага алуу укугуна күбөлүктүн көчүрмөсү.

**Белгиленген тартипте расмий жумушсуз деп таанылган, жумушсуздук боюнча жөлөкпул алууга укуктуу аялдар үчүн:**
- жумушсуздук боюнча жөлөкпул алууга укугун тастыктоочу маалымкат.

Мында арыз берүүчүдөн жумушсуздук боюнча жөлөкпул алууга укугун тастыктоочу маалымкат талап кылынбайт.
Жумушсуз катары учетко алынганда, Эмгек рыногунун маалымат тутумуна (ЭРМТ) киргизилген маалымат, автономдук режимде Корпоративдик социалдык жардам тутумуна (КСЖТ) которулат.



Жерди белекке алган учурда, нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн жер үлүшүн белекке берүү жөнүндө келишим.
Арыз ээсинин фамилиясы өзгөртүлгөн учурда, никеси тууралуу күбөлүк.

## Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпул аялга кандай мөөнөткө (календарлык күнгө) берилет?

Ойдогудай төрөттүн учурунда 126 календарлык күнгө (төрөткө чейин 70 жана төрөттөн кийин 56);
Татаал төрөт жана эки же андан ашык бала төрөлгөн учурда - 140 календарлык күнгө (төрөткө чейин 70 жана төрөттөн кийин 70).

**Бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын аймактарда иштеген аялдарга:**

- ойдогудай төрөттүн учурунда 140 календарлык күнгө (төрөткө чейин 70 жана төрөттөн кийин 70);
- татаал төрөт учурунда - 156 календарлык күнгө (төрөткө чейин 70 жана төрөттөн кийин 86);
- эки же андан ашык бала төрөлгөн учурда - 180 календарлык күнгө (төрөткө чейин 70 жана төрөттөн кийин 110).

**Кош бойлуулуктун 30-жумасына чейин төрөттө:**

- тирүү бала туулган учурда жөлөкпул 140 календарлык күнгө (төрөткө чейин 70 жана төрөттөн кийин 70);
- бала өлүү туулганда же ал төрөттөн кийинки алгачкы жети күндүн ичинде чарчап калган учурда жөлөкпул болгону 70 календарлык күнгө берилет.

**Үч айга чейинки курактагы баланы асырап алган учурда:**

- 70 календарлык күнгө;
- бир эле учурда эки жана андан ашык баланы асырап алган учурда 110 календарлык күнгө берилет.

Жөлөкпул асырап алган күндөн тартып калган 70 же 110 календарлык күнгө берилет.

## Жөлөкпулдун өлчөмү кандай аныкталат?

Өрөөндүү аймактарда иштеген аялдарга - алгачкы 10 жумушчу күн үчүн – эмгек акынын (кирешенин) 100% өлчөмүндө, 11- жумушчу күндөн тартып – айына 10 эсептик көрсөткүч (1000 сом) өлчөмүндө.
Бийик тоолуу алыскы, жетүүгө кыйын болгон аймактарда иштеген аялдарга - бардык жумушчу күндөр үчүн эмгек акынын (кирешенин) 100% өлчөмүндө.



Жеке ишкерлерге, юридикалык жакты түзбөгөн дыйкан (фермер) чарба мүчөлөрүнө - 11 жумушчу күндөн тартып - айына 10 эсептик көрсөткүч (1000 сом) өлчөмүндө.

Белгиленген тартипте расмий жумушсуз деп таанылган, жумушсуздук боюнча жөлөкпул алууга укуктуу аялдар - 11 жумушчу күндөн тартып - айына 10 эсептик көрсөткүч (1000 сом) өлчөмүндө.
Иштебеген жактарга кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпул төлөнбөйт.

## Эсептик көрсөткүч деген эмне?

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин токтому менен бекитилген кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду эсептөөдө колдонулган эсептик көрсөткүч 100 сомду түзөт.

## Жөлөкпулду каржылоо булактары

- Биринчи он иш күнү үчүн - иш берүүчүнүн өз каражатынын (кирешесинин) эсебинен;
- Он биринчи иш күнүнөн тартып - республикалык бюджеттин каражатынын эсебинен.

## Жөлөкпул чектөө үчүн кайсы жакка кайрылуу керек?

Кош бойлуулук жана жөлөкпулду чектөө боюнча төмөнкү жакка кайрылуу керек:
-иш берүүчү менен эмгек мамилелеринде турган аялдар – негизги иштеген жери боюнча;
- жеке ишкерлер;
- дыйкан чарбанын мүчөлөрү;
- белгиленген тартипте расмий жумушсуз деп таанылган, жумушсуздук боюнча жөлөкпул алууга укуктуу аялдар эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыктарына.

## Жөлөкпул чектелгенде райондук коэфициент колдонулабы?

Эгерде жөлөкпул алуучу тоолуу, райондук коэффициент белгиленген алыскы, жетүүгө кыйын болгон аймактарда жашаса, анда жөлөкпул коэффициентти эске алуу менен чектелет.

# «Балага сүйүнчү» бир жолку төлөнүүчү жөлөкпул

## «Балага сүйүнчү» бир жолку төлөнүүчү жөлөкпулга ким укуктуу

2018-жылдын 1-январынан тартып төрөлгөн балдар, туулган жерине карабастан, Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган, анын ичинде түрмөдөгү аялдан төрөлгөн балдар, бир жолку төлөнүүчү жөлөкпул ала алышат. Түрмөдө жаткан жана өз алдынча бир жолку төлөнө турган «балага сүйүнчү» жөлөкпулуна арыз менен кайрылууга мүмкүнчүлүгү жок аялдарга, түзөтүү мекемесинин администрация тарабынан берилген жарандык укук жаатында белгиленген тартипте түзүлгөн ишеним катты тапшырган ишенимдүү адамдын кайрылуусу негизинде дайындалат.
«Балага сүйүнчү» бир жолку төлөмү, эгерде кайрылган күнгө чейин бала каза болуп калса, анда төлөнбөйт.

## Кандай учурларда “Балага сүйүнчү” дайындоодон баш тартат

- Эгерде берилген документтер жалган экендиги аныкталса;
- Баланы мамлекет толугу менен колдогон учурда;
- Ата-энелердин экөө тең ушул Келишимдин катышуучусу болбогон чет мамлекеттин жарандары болгон учурда.

## «Балага сүйүнчү» бир жолку төлөнүүчү жөлөкпулунун өлчөмү

Бир эле учурда эки же андан ашык бала төрөлгөндө, бир жолку «балага сүйүнчү» жөлөкпулу ар бир бала үчүн төлөнөт. Бул учурда ар бир бала үчүн өзүнчө өтүнмө берилет.
Бир балага 4 000 сом (эгиздер үчүн – ар бир балага 4000 сомдон).
Үч же андан көп бала төрөлгөндө, ар бир бала үчүн 50 000 сом (2019-жылдын 1-декабрынан тартып).

## Арыз менен ким кайрыла алат

-бала менен жашаган ата-энесинин бири;
-бала менен жашаган камкорчу;
-бала менен жашаган асырап алган адам;
-ишеним каттын негизинде иш алып барган ишенимдүү адам.



## «Балага сүйүнчү» дайындоонун шарттары

«Балага сүйүнчү» жөлөкпулуна арыз бала төрөлгөн күндөн тартып алты айдын ичинде берилиши керек.
Алты айдан кийин арыз менен кайрылгандар-

га «балага сүйүнчү» берилбейт.

## Негизги документтер

Өтүнмө ээсинин паспорту, эгерде “ЗАГС” (ЖААК) АМСде баланын туулгандыгы тууралуу акты катталган болсо, бала, ата-энеси жана туулгандыгы жөнүндө күбөлүктүн маалыматтары «ЗАГС» АМСде катталган баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн негизинде автоматтык түрдө түзүлөт.
Эгерде, Кыргыз Республикасынын жарандарында жана/же Келишимге катышкан мамлекеттердин чет өлкөлүк жарандарында Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерде бала төрөлсө, чет мамлекет тарабынан берилген туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жана бир жерде туруугa укук берe турган документ талап кылынат, эгерде арыз берүүчү ушул Макулдашууга катышкан мамлекеттин чет өлкөлүк жараны болсо.
Эгерде бала Кыргыз Республикасынын жарандарында жана/же Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары Макулдашууга катышкан мамлекеттердин чет өлкөлүк жарандарында төрөлсө, «балага сүйүнчү» бир жолку төлөө дайындоо жөнүндө арызды түзүү чет мамлекеттин берген туулгандыгы жөнүндө күбөлүгүнүн/паспортунун негизинде жүргүзүлөт. Мында, балага жарандарды жекелештирилген каттоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте алдын-ала жеке идентификациялык номер (мындан ары - ПИН) берилет.
Баланын, ата-эненин, чет мамлекеттин берген туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн/паспортунун даректери жөнүндө маалыматтар автоматтык түрдө же кол менен толтурулат.

## Кошумча документтер

**Камкорчу үчүн:** бала үчүн камкорчу дайындоо жөнүндө соттун чечиминин көчүрмөсү талап кылынат;
**Ишенимдүү адам:** жарандык мыйзамга ылайык берилген ишеним кат
**Кайрылмандар үчүн:** кайрылмандын күбөлүгүнүн көчүрмөсү;
**Чет элдик жарандар үчүн:** баланын ата-энесиинин бир жерде туруугa укук берe турган документтин көчүрмөсү.

## Жөлөкпулдарды дайындоо үчүн кайда кайрылуу керек

Иш жүзүндө жашаган жери боюнча:
- Калкка кызмат көрсөтүү борбору (КККБ);
- ЗАГС органдары

## Жөлөкпулду эсептөөдө райондук коэффициенттер колдонулабы?

Жок, «Балага сүйүнчү» бир жолку жөлөкпул аймактык коэффициентти эсепке албастан төлөнөт.



# “Үй бүлөгө көмөк” жөлөкпулу

## “Үй бүлөгө көмөк” жөлөкпулун алууга ким укуктуу

«Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулу 16 жашка чейинки балдары бар үй-бүлөлөргө төмөнкү шарттарда тиешелүү:
-үй-бүлөдө узак пайдалануучу ишке даяр товарлары (завод чыгарган жылды кошкондо пайдалануу мөөнөтү 20 жылдан аз оң абалдагы жеңил автомобили), жок болсо;
-эгерде үй-бүлөдө болгон айыл чарба жандыктары МЖдын бирдиктерине которулгандан кийин, МЖдын саны үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө 4 төн аз болсо;
-үй-бүлөдө бир адамга бир айлык киреше кепилденген эң төмөнкү кирешеден, б.а. 1000 сомдон төмөн болсо;
-бардык керектүү документтерди бергенде.

## Кимге тиешеси жок

«Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулу төмөнкүлөргө чектелбейт:
1) мамлекеттин толук камсыздоосунда болгон балдарга;
2) ишке жарамдуу ата-энелери бар үй-бүлөлөргө (3 жашка чейинки баласын же майыптуулугу бар жана бирөөнүн кароосуна дайыма муктаж болгон үй-бүлө мүчөсүн караган ата-энеден тышкары), эгерде:
-иш менен камсыз кылуу мамлекеттик кызматынын органдарында белгиленген тартипте иштебесе жана катталбаса;
-иш менен камсыз кылуу мамлекеттик кызматынын органдары сунуштаган жумушка орношуудан, анын ичинде акы төлөнүүчү коомдук ишке, кесиптик даярдыкка, кайра даярдыкка, квалификациясын жогорулатууга, өз алдынча мындай иштерге жана окутууга катышуудан жүйөсүз себептер менен (адамдын өзү же анын баласы ооруп жаткан, жакын адамы каза болгон учурлардан тышкары) жазуу жүзүндө баш тартса.

## Негизги документтер

- Арыз ээсинин паспорту. «Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпул чектөөгө кайрылган адамдардын жеке идентификациялык номери сөзсүз болушу керек. Жеке аныктоо номери (PIN) төмөнкүлөр үчүн талап кылынат:
- СЖКМСде арыз ээсин жана алуучуну аныктоо жана жөлөкпул эки жолу чектелип калуусуна жол бербөө;
- Мекемелер ичинде жана мекемелер аралык электрондук маалымат алмашуу.



Эгерде өтүнмө ээси же жөлөкпул алууга укугу бар адамдын ПИН-коду болбосо, өтүнмө ээсине бул номерди кайдан алса боло тургандыгы жөнүндө түшүндүрмө берилет.
Чыныгы жашаган жеринен үй-бүлөнүн кура-

мы жөнүндө маалымкат, бирок бул күбөлүк берилген күндөн тартып 2 айга чейин жарактуу. Бул чектөөлөр үй-бүлө (арыз ээси) жашаган жерин алмаштырган кезде абалдын өзгөрүүсүн текшерип туруу үчүн зарыл;
- Балдардын туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү;
- Үй-бүлөнүн жыйынды кирешеси жөнүндө маалымат.

## Кошумча документтер

- Жумушка жарамдуу жумушсуздардын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн - эмгекке жарамдуу үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү жумушка орношушу керек же эмгекке жараксыздыгын/убактылуу эмгекке жараксыздыгын тастыкташы керек. Эгерде бир же бир нече эмгекке жарамдуу үй-бүлө мүчөлөрү жумушсуз болсо, анда «үй-булөгө көмөк» жөлөкпулуна кайрылуудан мурун алар жумушсуз катары каттоодон өтүшү керек.
Ошол эле учурда, арыз берүүчүнүн өзүнөн (анын үй-бүлө мүчөлөрүнөн) жумушсуз адамдын статусун тастыктаган күбөлүк талап кылынбайт. Аны жумушсуз катары каттоодо, маалымат эмгек рыногунун маалымат тутумуна (ЭРМТ) киргизилип, СЖКМСга автоматтык түрдө өтөт;
- Жердин бар экендиги, көлөмү жана сапаты көрсөтүлгөн маалымкат. Ошол эле учурда, « Үй-бүлөгө көмөк « жөлөкпулун алган үй-бүлө бир райондон экинчисине көчүп кетип жана ошол эле учурда мурдагы жашаган жеринде үй-бүлөнүн жер участогу болсо, жер участогунан алынган киреше мурдагы жашаган жериндеги жергиликтүү бийлик тарабынан берилген маалымкаттын негизинде эске алынат;
- Айыл чарба жаныбарларынын түрлөрү жана саны жөнүндө маалымкат;
- Статусун же кирешесин тастыктоонун зарылдыгына жараша жана башка документтер.

## «Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун чектөөдө кандай кирешелер эске алынат

" Үй-бүлөгө көмөк " жөлөкпулун чектөөдө төмөнкүлөр эске алынат:
- эмгек акы, стипендия, жеңилдиктердин ордуна төлөнүүчү ай сайынкы акчалай компенсация;
- ишкердиктен түшкөн киреше (салык органдарынын маалымкаты негизинде);
- жер, жеке жер участогу, айыл чарба жаныбарлары (айыл өкмөтүнүн маалымкаты негизинде) жана башкалар;
- авторлук сыйакылар, утуштун пайыздары, дивиденддер, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү сатуудагы суммалар, алименттер.



## «Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун чектөөдө кандай киреше эске алынбайт?

Мамлекеттик жөлөкпулдар;
Сөөк коюуга жөлөк пул;
Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган компенсациялык төлөмдөр (жеңилдиктердин ордуна ай сайын берилүүчү акчалай компенсациялардан тышкары);
Социалдык өнүгүү органдары тарабынан берилүүчү бир жолку жөлөкпулдар;
Боюнда болуу жана төрөт боюнча жөлөк пул;
Убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча жөлөк пул;
Командировка үчүн жана подъемный үчүн берилген чыгымдар (Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген чектерде);
Өндүрүштүк практикада, эс алуу учурунда же айыл чарба жумуштарына багытталган Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын студенттеринин (күндүзгү студенттеринин) эмгек акысы;
Жаракат алган же майып болгон учурда, камсыздандырылган адам каза болгон, материалдык зыян келтирилген же мүлкүнөн айрылган учурда камсыздандырылган сумма;
Табигый кырсыктын кесепетинен, ооруга байланыштуу, ошондой эле кызматкердин же анын жакын туугандарынын өлүмүнө байланыштуу материалдык зыяндын ордун толтурууга же мүлкүн жоготууга байланыштуу кызматкерлерге көрсөтүлгөн материалдык жардамдын суммасы;
Жумушсуздук боюнча жөлөкпулдар;
Пенсия менен камсыз кылуу жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дайындалган пенсиялар;
Үй-бүлөнүн бакубаттуулугун жогорулатууга жана үй-бүлөнү оор турмуштук кырдаалдан алып чыгууга багытталган долбоорлордун алкагында үй-бүлөгө материалдык же накталай жардамдын суммасы;
Ар дайым камкордукка жана көзөмөлгө муктаж болгон ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген баланын жеке жардамчысынын кызматтары үчүн акы төлөө.

## «Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун чектөөдө айыл чарба жаныбарлары жана транспорт каражаттары кандайча эске алынат?

Эгерде үй-бүлөдө төмөнкүлөр болсо, жөлөкпул чектелбейт:
1. Айыл чарба жандыктары МЖдын  шарттуу бирдиктерине которулгандан кийин, МЖдын саны үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө 4төн көп болсо.

**1 уй = 6 МЖ**
**1 жылкы = 7 МЖ**
**1 торпок = 2,5 МЖ**
**1 бука = 8 МЖ**

Мисалы:
5 адамдан турган үй-бүлөдө:
1 уй, 1 торпок.
Эсеп: 1 уй= 6 МЖ, 1 торпок=2,5 МЖ
Баары: 6+2,5=8,5 МЖ бар болсо
Үй-бүлөнүн бир адамына:
8,5 МЖ: 5 = 1,7 МЖ туура келет (КЭТК 1000 сомдон төмөн болгон шартта жөлөкпул дайындалат).

2. Иштеген абалдагы:
-даярдоочу завод чыгарган жылы 20 жылдан аз колдонуу мөөнөтү болгон, жеңил автомашина.

Балдары бар жана жөлөкпул алуу үчүн кайрылган үй-бүлөнүн муктаждыктары эмгек жана социалдык өнүгүү бөлүмүнүн адистери тарабынан текшерилет.

## Жөлөкпулду чектөө үчүн кайда кайрылуу керек

Мамлекеттик жөлөкпулду чектөөгө арыз жашап/турган жерине карабастан, эмгек акыга жана башка социалдык төлөмдөргө кошумча коэффициенттер белгиленген калктуу конуштарда жашаган адамдар мамлекеттик жөлөкпулга кайрылган учурларды кошпогондо, алуучунун кайрылган жери боюнча социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнө берилет.

Эмгек акыга жана башка социалдык төлөмдөргө кошумча төлөөлөрдүн коэффициенттерине өлчөмдөрү белгиленген калктуу конуштарда жашаган жарандарга (үй-бүлөлөргө) мамлекеттик жөлөкпул чектөөгө арыз жашаган/ турган жери боюнча аймактык бөлүмгө берилет.

## «Үй-бүлөгө көмөк»жөлөкпулун чектөө үчүн ким кайрыла алат

- Ата-эненин бири (же камкорчусу);
- Ишенимдүү адам.

## Жөлөкпулду эсептөөдө райондук коэффициенттер колдонулабы?

Эгерде үй-бүлө бийик тоолуу, алыскы же жетүүгө мүмкүн болбогон региондук коэффициенттер орнотулган айылдарда жашаса, анда жөлөкпул коэффициенттерди эске алуу менен төлөнөт.

# Жумушсуздук боюнча жөлөкпул

## Ким жумушсуздук боюнча жөлөкпул алууга укуктуу

Белгиленген тартипте расмий жумушсуз деп табылган жарандар.

## Негизги документтер

- Жумушсуз адамдын паспорту;
- Эмгек китепчеси же анын көчүрмөсү;
- Кесиптик квалификациялык документтер.

## Жөлөкпулду чектөө шарттары

Жумушсуздук боюнча жөлөкпул эмгек жана социалдык өнүгүү бөлүмдөрүнө кайрылаардын алдында акыркы 3 жыл ичинде 12 айдан кем эмес үзгүлтүксүз камсыздоо стажы бар кезде чектелет.
Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна которулган камсыздандыруу төлөмдөрү тастыкталган жарандарга төлөнүп берилет.
Жеке камсыздандыруу эсебинен көчүрмө, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүнүн чегерилгендигин тастыктайт.
Ошол эле учурда, жеке камсыздандыруу эсебинен көчүрмө арыз ээсинен талап кылынбайт. Аны жумушсуз катары каттоодо, маалымат Социалдык фонддун маалымат базасынан Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин (ЭСӨМ) эмгек рыногунун маалымат тутумуна (ЭРМТ) өткөрүлүп берилет. ЭСӨМ менен Социалдык фонд ортосундагы ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү жөнүндө кол коюлган макулдашуунун негизинде.

## Жөлөк пулдун өлчөмү кандайча аныкталат

12 айдан ашык иш тажрыйбасы бар расмий жумушсуз адамдар жумушсуздук боюнча жөлөкпулдун базалык деңгээлиндеги (300 сом) жумушсуздук боюнча жөлөкпул алышат.

Берилген жумушсуздук боюнча жөлөкпулдун суммасы бекитилген базалык жөлөк пулга жана камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебине жараша болот.

Жумушсуздук боюнча жөлөкпулдун суммасы эмгек стажына карата пайыз менен белгиленет.



Мисалы, эгерде камсыздандыруу боюнча иш стажы 12 айдан 24 айга чейин = 300 сом
24 айдан 36 айга чейин=330 сом
36 айдан 60 айга чейин=390 сом
60 айдан 120 айга чейин=450 сом
120 айдан жана көбүрөөк ай=600 сом

## Жөлөкпулду төлөө мөөнөтү

Жумушсуздук боюнча жөлөкпул 3 жылдын ичинде, бирок 12 айдан ашпаган мезгилде ай сайын төлөнөт.
Ошол эле учурда, ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүндө катталган жумушсуз адамга жумушсуздук боюнча жөлөкпул бир гана жолу берилет.

## Жөлөкпулду каржылоо булактары

Республикалык бюджет.

## Жөлөкпулду чектөө үчүн кайда кайрылуу керек

Жашаган жери же болбосо турган жери боюнча эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгы.

## Жөлөкпулду эсептөөдө райондук коэффициенттер колдонулабы?

Бийик тоолуу жана барууга кыйын алыскы райондордо туруктуу жашаган жана мыйзамда белгиленген тартипте жумушсуз деп табылган адамдарга жумушсуздук боюнча жөлөкпул аймактык коэффициентти эске алуу менен төлөнөт.

# Пенсиялар жөнүндө маалымат

## Жаш курагы боюнча

### Бул пенсия ким үчүн?



- Камсыздандырылган Кыргыз Республикасынын жараны;
- Чет элдик жаран;
- Республикада жашаган, мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандырууга салым кошкон жарандыгы жок адам.

### Алуу үчүн кандай документтер керек

Паспорт, эмгек китепчеси, аскердик күбөлүк, диплом ("02.19.1999-жылга чейин күндүзгү билим", балдардын туулгандыгы жөнүндө күбөлүгү (аялдар үчүн), 01.01.1996-жылга чейин  60 ай (5 жыл) аралыгында эмгек акы жөнүндө справка,  3х4  ченеминдеги 1 сүрөт, пенсионердин күбөлүгүн алуу үчүн.

### Кайда дайындалат

Социалдык фонддун аймактык башкармалыктарында.

## Майыптыгы боюнча

### Бул пенсия ким үчүн?

Камсыздандыруу документтери бар майып деп таанылган адам
- Кыргыз Республикасынын камсыздандырылган жарандары;
- Чет элдик жаран;
- Республикада жашаган, мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандырууга салым кошкон  жарандыгы жок адам.

### Алуу үчүн кандай документтер керек



Паспорт, эмгек китепчеси, аскердик күбөлүк, диплом ("02.19.1999-жылга чейин күндүзгү билим", балдардын туулгандыгы жөнүндө күбөлүк (аялдар үчүн), 1.01.1996-жылга чейин 60 ай (5 жыл) аралыгында эмгек акы жөнүндө справка,  пенсионердин күбөлүгү үчүн 3х4 ченеминдеги  1 сүрөт, МСЭКтин (медициналык жана социалдык эксперттик комиссиянын) майыптык тобу жөнүндө корутундусу.

## Кайда дайындалат

Социалдык фонддун аймактык башкармалыктарында.

## Баккан адамынан айрылгандыгына байланыштуу

## Бул пенсия ким үчүн?

Эмгекке жараксыз үй-бүлө мүчөлөрү:
а) эгерде алар 18 жашка чейин майып болуп калса, 16 жашка чыкканга чейин (анын ичинде асырап алынган балдар, өгөй уулдар жана өгөй кыздар)*;
б) эгерде эмгекке жарамдуу ата-энеси жок болсо, 16 жашка чейинки эже-карындаштары, ага-инилери, неберелери;
в) маркумга көз каранды болгон ата-энеси, күйөөсү, аялы, эгерде багуучусу каза болуп калганда, алар пенсия курагына жеткен же майып болушса).

## Алуу үчүн кандай документтер керек

Паспорт, эмгек китепчеси, аскердик күбөлүк, диплом (“02.19.1999-жылга чейин күндүзгү билим”, балдардын туулгандыгы жөнүндө күбөлүк (аялдар үчүн), 1.01.1996-жылга чейин 60 ай (5 жыл) аралыгында эмгек акы жөнүндө справка, пенсионердин күбөлүгүн алуу үчүн 3х4 чендеги 1 сүрөт. Багуучу адамды жоготкон учурда пенсиясын берүү, каза болгон адам жөнүндө күбөлүк же нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмө, балдардын туулгандыгы жөнүндө күбөлүктөрү же үй-бүлөлүк мамилелерин тастыктаган башка документтер кошумча берилет.



## Кайда дайындалат

Социалдык фонддун аймактык башкармалыктарында.

* Күндүзгү окуу формасы боюнча окуган бардык деңгээлдеги билим берүү уюмдарынын окуучуларына окуусун бүткөнгө чейин, бирок 23 жаштан ашпаган куракка чейин төлөнөт.

# Расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпул

## Расымдык (сөөктү коюу үчүн) жөлөкпулду алууга ким укуктуу

- кызматкер (иш берүүчү менен эмгек мамиледе турган);
- кызматкердин багуусундагы үй-бүлө мүчөсү;
- жеке ишкер (ЖИ);
- жеке ишкердин багуусундагы үй-бүлө мүчөсү;
- дыйкан (фермердик) чарбанын мүчөсү (ДФЧ);
- дыйкан чарбанын (ДФЧ) багуусундагы үй-бүлө мүчөсү;
- расмий жумушсуз;
- расмий жумушсуздун багуусундагы үй-бүлө мүчөсү;
- социалдык жөлөкпул алган адам;
- социалдык жөлөкпул алган адамдын багуусундагы үй-бүлө мүчөсү;
- жумушсуз адам;
- жумушсуз адамдын багуусундагы үй-бүлө мүчөсү;
- пенсионер;
- пенсионердин багуусундагы үй-бүлө мүчөсү.

## Негизги документтер

- арыз ээсинин паспорту;
- каза болгондугу жөнүндө маалымкат (№ 8);
- каза болгон адамдын жана арыз берүүчүнүн акыркы жашаган жеринен маалымкат;
- расымдык кызмат көрсөтүү агенттигинин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын (айыл өкмөт, аймактык коомдук өз алдынча башкаруу, аймактык муниципалдык башкаруу, үй жана кварталдык комитеттер) арыз ээсинин фамилиясын, аты-жөнүн көрсөтүү менен сөөктү койгон фактыны тастыктаган маалымкаты.

## Кошумча документтер

Эгерде төмөнкүлөр каза болсо:
Кызматкерлер (юридикалык тараптар) –талап кылынбайт жеке ишкерлер:
- патенттин көчүрмөсү (патенттин негизинде иштеген жарандар үчүн);
- салык органы тарабынан берилген каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү.



Юридикалык жакты түзбөгөн дыйкан (фермердик) чарбалар:

- салык органы тарабынан берилген каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү;
- жер үлүшүн/ участогун пайдалануу/ижарага алуу укугу жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү.

Эгерде өтүнмө ээси жер участогун белекке берүү жолу менен алса - жер үлүшүн белекке берүү боюнча келишимдин көчүрмөсү. Эгерде арыз ээсинин кыз кезиндеги фамилиясын күйөөсүнүн фамилиясына өзгөртүлсө, нике күбөлүгүнүн көчүрмөсү.

Расмий жумушсуздар:
- расмий жумушсуз адамдын статусун тастыктаган күбөлүк. Ошол эле учурда, жумушсуз адамдын статусун тастыктаган күбөлүк талап кылынбайт. Аны жумушсуз катары каттоодо, маалыматтар эмгек рыногунун маалымат тутумуна (ИСРТ) киргизилет, алар КИССП га автономдук түрдө өтөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн категориялар боюнча багуудагы кишилерден, категория жөнүндө тастыктоочу документтерден тышкары, кошумча түрдө төмөнкүлөр талап кылынат:
- өлүм жөнүндө күбөлүк (№ 8 форма);
- маркумдун туулгандыгы же нике тууралуу күбөлүктөрүнүн көчүрмөлөрү.

## Расымдык (сөөктү коюу үчүн) жөлөкпулду канча убакытка берилет

Расымдык жөлөкпүл (сөөктү коюуга) бир гана жолу төлөнөт.

## Расымдык (сөөктү коюу үчүн) жөлөкпулдун өлчөмү кантип аныкталат?

Расымдык жөлөкпулдун суммасын (сөөк коюу үчүн) эсептөө үчүн 2010-жылы белгиленген орточо айлык эмгек акынын пайыздык өлчөмү менен аныкталат (КРӨТ, №192, 2012-жылдын 23-марты) жана каза болгон учурда маркумдун категориясына жараша болот.

Пенсионер каза болгон учурда - пенсиянын он эселенген базалык бөлүгү, пенсионердин багуусундагы үй-бүлө мүчөсү каза болгон учурда - пенсиянын үч эселенген базалык бөлүгү өлчөмүндө.



## Расымдык (сөөктү коюу үчүн) жөлөкпулду каржылоо булактары

Өлгөндөрдүн категориясына жана анын багуусуна карабастан (республиканын шаарларынын биринде катталган каза болгон адамдан, пенсионер жана алардын багуучуларынан башка) республикалык бюджеттен.

Эгерде каза болгон адам же анын багуусундагы киши республиканын шаарларынын биринде катталса, анда жергиликтүү бюджеттин эсебинен.

Пенсионер же анын багуусундагы киши каза болгон учурда, КР Социалдык фондунан (Пенсиялык фонд).

## Расымдык (сөөктү коюу үчүн) жөлөкпулду алуу үчүн кайда кайрылуу керек

Расымдык жөлөкпул (сөөктү коюу үчүн) төмөнкүлөр тарабынан төлөнөт:
-иштеген жери аркылуу -кызматкер каза болгон учурда;
-райондук эмгек жана социалдык өнүгүү бөлүмүдөрү аркылуу - маркумдун жана анын багуусундагы кишинин категориясына карабастан;
-социалдык фонддун аймактык органдары аркылуу - каза болгон адам пенсионер же пенсионердин багуусундагы киши болсо.

## Жөлөкпулду эсептөөдө райондук коэффициенттер колдонулабы?

Жок, колдонулбайт.

**Бул публикация БУУнун Калкты жайгаштыруу фондунун, БУУнун Балдар фондунун жана БУУнун Өнүктүрүү программасынын техникалык жардамы жана БУУнун Тынчтыкты куруу фондунун каржылоосу менен ишке ашырылган «Кыргызстан менен Өзбекстандын жаштарынын ынтымагын жана кызматташтыгын бекемдөө» долбоорунун алкагында даярдалган.**

Социалдык жөлөкпулдар боюнча кененирээк маалыматты Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин сайтынан (**https://mlsp.gov.kg/**) же социалдык жөлөкпулдар жөнүндө (**www.socinfo.kg**) сайттан алсаңыз болот.

Пенсия жөнүндө сурап билүү үчүн кыска номерге чалыңыз: **1202**
Ишеним телефондору: **(0312) 576661, (0312) 543316**
Аймактык башкармалыктын байланыштарын Соцфонддун сайтынан караңыз:
**http://socfond.kg/ru/contacts/**
Электрондук почта: **help@sf.kg**
**www.socfond.kg**